УДК :94:398(575.2) (04)

**Темиркул Ишекеевич Асанов,**
т.и.к., ага илимий кызматкер (доцент),
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети,
Тарых жана чөлкөм таануу институту.
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы,
Б.Жамгерчинов атындагы тарых,археология жана этнология институту

## АБЛАЙ ХАН ТУУРАЛУУ ЫРДАГЫ БЕГИМЖАНДЫН КОШОГУНУН ТАРЫХЫЙ МААНИСИ

**Асанов Темиркул Ишекеевич,**
к.и.н., старший научный сотрудник (доцент),
Кыргызский национальный университет имени Ж. Баласагына,
Институт истории и регионоведения.
Национальная академия наук Кыргызской Республики,
Институт истории, археологии и этнологии им. Б. Джамгерчинова

## ИСТОРИЧЕСКОЕ ЗНАЧЕНИЕ СКОРБИ БЕГИМЖАНА В ПЕСНЕ ОБ АБЛАЙ-ХАНЕ

**Temirkul Ishekeyevich Asanov,**
Candidate of Historical Sciences, Senior Researcher (Associate Professor),
Kyrgyz National University named after J. Balasagyn,
Institute of History and Regional Studies.
National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic,
B. Dzhamgerchinov Institute of History, Archeology and Ethnology

## THE HISTORICAL SIGNIFICANCE OF BEGIMZHAN'S GRIEF IN THE SONG ABOUT ABLAY KHAN

**Аннотация.** Макалада казак окумуштуусу-саякатчы Ч.Валиханов жазып алган «Аблай жөнүндөгү ырдагы», Жайыл баатырдын кызы Бегимжандын атасына кошкон кошогу изилдөөгө алынган. Кошок ырдын акыркы бөлүгүндө өзүнчө берилген жана Аблай менен болгон айкашта атасынын өлгөндүгү баяндалган. Изилдөөчү кошоктун тарыхый маанисинде, 1770-жылдардагы кыргыздардын Аблай хан менен болгон согуштарындагы маанилүү эпизод чагылдырылгандыгын жана айрым окуяларды тактоодо ыр баалуу булак экендигин белгилеген.

**Негизги сөздөр:** Валиханов, кошок, Бегимжан, Жайыл баатыр.

**Аннотация**. В статье исследован плач-кошок Бегимжан, дочери Жайыл-баатыра, в поэме «Песня об Аблае», записанной казахским ученым-путешественником Ч. Валихановым. Плач-кошок представлен отдельно в заключительной части поэмы и повествует о гибели отца в сражении с Аблай-ханом. В историческом контексте он отражает важный эпизод войн кыргызов с Аблай-ханом в 1770-х годах, а сам плач-кошок является ценным источником в уточнении некоторых моментов этих событий

**Ключевые слова:** Валиханов, плач-кошок, Бегимжан, Жайыл баатыр.

**Abstract**. This article examines the plach-koshok of Begimzhan, the daughter of Jayyl-Baatyr, in the poem "The Song of Ablay" recorded by the Kazakh scholar and traveler Ch. Valikhanov. The plach-koshok appears separately in the final part of the poem and recounts the death of her father in battle against Ablai Khan. In a historical context, it reflects an important episode of the Kyrgyz wars with Ablai Khan in the 1770s, while the plach-koshok itself serves as a valuable source for clarifying certain details of these events.

**Keywords:** Valikhanov, plach-koshok, Begimzhan, Jayyl-Baatyr.

Ч.Валихановдун жыйнактарынын толук басылышына кирген Аблай тууралуу ыр, казак жана кыргыз тилдеринин аралашмасында жазылган [3. С. 258-265.]. Кол жазманын өзү, Москва шаарындагы Адабияттын жана искусствонун Борбордук Мамлекеттик архивинде [ЦГАЛИ. ф. 118. оп. 1. № 469. лл. 4-5.] сакталып турат. Окумуштуу-саякатчы бул ырды кандай жагдайда жазып алгандыгы, же кол жазманы кимден алгандыгы тууралуу эч кандай маалымат эскерген эмес. Бирок, учурунда «Аблай тууралуу ырдын» Ч.Валихановдун чыгармалар жыйнагынын толукталган беш томдугуна киргизилиши, аталган ырдын тексти окумуштуунун калемине таандык экендигин айгинелейт. Ырдын өзөгүндөгү окуя XVIII к. 70-жылдарындагы эки элдин ортосундагы мамилелерди, өзгөчө Аблай хандын мезгилиндеги кагылышууларды жана ага катышкан баатырлардын эрдиктери жөнүндө баяндайт. Ырда кыргыз башчылары Эсенгул, Атаке бийлердин жана Садыр баатырдын аттары айтылат. Ырдын аягындагы контекстинде *«Шол жылда Атеке жырыкы аултүргөн. Сонның жыры»* деген тема коюлган жана ырдын буга чейинки жалпы мазмунуна анча шайкеш келбеген ыркошок берилген. Теманын өзүнүн коюлушу да туура эмес жана сөз мында Атаке жырык (Атаке баатыр) тууралуу эмес, Жайыл баатырга байланыштуу кызы Бегимжандын (Бикемжандын) айткан кошогу орун алган. Анткени Жайыл баатыр, Атакенин кайын атасы болгон. Ырды жазып алуучу, Бегимжандын атакем деп кошуп ырдаган сөзүн туура эмес түшүнгөн жана сөз Атаке баатыр тууралуу жүрүп жатат деп кабыл алган.

26 саптан турган ырды түп нускасын орусчага А.Х. Маргулан жана Дж. Кармышева которгон. Ыр Атаке баатырдын аялы Бегимжандын өзүнүн атасы Жайыл баатырдын Аблай хандын колуна түшүп өлгөндөн кийинки кошкон кошогу болуп саналат. Бирок мааниси өтө терең жана кыргыз менен казак элдеринин ортосундагы окуялардын маанилүү учурун чагылдырган деп айтууга болот. Орусча которгондо аталган авторлор дагы айрым кыргызча сөздөрдү туура эмес бергендиги байкалат. Биз ошон үчүн, араб тамгасында жазылган түп нускадагы кошок-ырдын тексттинин азыркы тамгадагы окулушун сунуш кылмакчыбыз жана анда окуя мындай деп баяндалган.

(شول جلده اتکه جرقنی اولترکان
سوننك قزيننك جرى).
مرکننك باشی ملوون.

**Шол жылда Атеке жырыкты**
**аултүргөн[1]. Сонның жыры.**
**Меркенин башы мелүүн,**
**Дарениң[2] башы серүүн,**
**Мына бир казак келүүн,**
**Атакемиң аулун,**
**Садыр крди камышка[3],**
**Атакем чыкты намыска,**
**Кызыл чекбен бүркөнүп**
**Кыздар менен бу Садыр,**
**Кара чекбен бүркөнүп**

*[1]Ошол жылы Атаке баатырды өлтүргөн деп, туура эмес берилген. Кошоктун маанисинде сөз Атаке тууралуу эмес, анын аялы Бегимжан, атасы Жайылды атакем деп кошкондугунан улам, ырды жазып алуучу сөздүн маанисин туура эмес кабыл алган.*

*[2]Дарыянын, деп окулат*

*[3]Садыр кирди камышка деп айтканы, ал ушул окуянын учурунда Жайыл баатырдын жанында жок болгон. Садыр бул мезгилде Аблай хандын Таласка келген экинчи колу менен беттешип туткунга түшкөн. Бегимжан, Садырдын буга чейин атасы менен чогуу казактарга барып жүргөнүн эске алып, ушундай кыйынчылыкта жанында жок катын-кыздар менен жүрөт деген кыязда кейип айтып жатканы.*

**Катун менен бу Садыр,**
**Аблай ханнын найзеси**
**Кула бир болуп кайсты,**
**Атакемиң найзеси**
**Карагай болуп майышты**
**Крым токум Аблай**
**Крдасың менин атакем[4],**
**Тери токум Аблай**
**Теңдасиң менин атакем,**
**Басыңды койду алкка**
**Каныңды алды чылкка,**
**Аутңди[5] алды кыркка,**
**Аучип[6] канга тоймады**
**Аблай деген кажайгыр[7],**
**Ажалга карегин коймады**

Бегимжандын кошогу, ушул окуялардагы Жайыл баатырдын Аблайдын колуна каршы тургандыгы жана каза болгон атасын жоктогон кыздын көз жашы экендигин баамдасак болот. Ыр Аблай хан менен болгон 1779–80-жылдагы чоң согуштун учурун чагылдырган. Буга чейинки 1770-жылдардын ичиндеги эки тараптын ортосундагы болуп келген кагылышуулар, жер жана жайыт талашуу маселелеринен улам келип чыккан жана ал бири-биринен барымта алып, жылкы тийген окуялар менен коштолгон. Ушул окуялардын түздөн-түз катышуучусу жана элди-жерди коргогондордун катарында Жайыл баатыр болгон. Эки тараптын ортодосундагы ушундай окуялардын күч алгандыгына байланыштуу кыргыз уруулары илгерки ата-бабаларынан калган Таластан – Илеге чейинки жерлерди өз алдынча коргоп турмай болушкан. Кырдаалга жараша кушчу, саруу, кытай жана каба саяктар Талас жагын, чекир саяк Кочкордон баштап, Кегети-Ысык-Атаны, солтолор Аксуу-Карабалтадан баштап Олуя-Атага чейин, сарыбагыштар Кеминден Илеге чейинки жерлерге орношуп турушкан [1. 17-б.] Ал учурда Теңир-Тоонун ички аймактары Нарын, Кочкор, Жумгал жана Талас тоолору жайлоо эсебинде болуп, эл аз болгондуктан Иле суусунун бою, Чүй, Талас сууларынын аягындагы калмактан жаңы эле бошогон кыргыз жерлерине, казак уруулары көчүп келип жайгаша баштаган. Мындай жагдай кыргыздын уруу башчыларын өтө кооптондурган жана оң канаттан Эсенкул баатыр, сол канаттан Туума бий башында турган бийлер Таластын Капка деген жеринде топ-кеңеш өткөрүшкөн. Бийлердин тобунда Чүй-Талас багытындагы кыргыз жерлерин коргоп калуу жөнүндөгү маселени каралган. Топтун чечими менен кыргыздын эски конуштарын сактап калуунун зарылдыгы белгиленип, Кетмен-Төбөдөгү каба саяктарды Таласка, Кочкордогу чекир саяктарды Чүйгө көчүрүү жөнүндө бүтүмгө келишкен. Көчүп келгенден кийин кабалардын башчысы Садыр, Таластын оозу Капкага коргон тургузуп, Жайыл баатыр менен бирдикте казактардын уйсун элетине кол салып жылкы тийип, барымта алып башташкан [1. 36-39-б.].

Казак уруулары дагы өз кезегинде Иленин сол өйүзүндөгү сарыбагыш уруусунун конушу – Үчалматы жана Сарытогум жайлооруна чейин кирип келишкен. Мындай аракеттерди жүзөгө ашырууда чанычкулудан Бердикожо, чапыраштыдан Крооман, Жабек, Качыке жана Дөөлөт, ботбайдан Түлөкабыл жана Жайсаң, кашкороо уругунан Малдыбай жана Конушбай сыяктуу казак баатырлары кыргызга карай аттанып келишип, жылкы тийип, барымта алып турушкан. Ушундай чабыштардын биринде сарыбагыштардын колунан Качыке, солтолордун колунан Жайсаң жана Кооман баатырлар каза табышат [1. 9-11-б.].

Кыргыздардын башкы бийи Эсенкул баатырдын бир нече жолу эскерткендигине карабастан, Таластагы Садыр өз алдынча кол топтоп, Жайыл баатыр менен бирдикте казак конуштарына кол салып, Чолок-Коргон, Созок калаасына чейин кирип барышкан. Ушул чабыштан катуу сокку жеген Улуу жүз казактары Жоогач баатырды Абылай ханга кабарга жөнөтүшкөн [1. 17- 18 б.; 7. 108-109-б.].

---

[4]*Курдашым, теңдешиң менин атакем дегенине караганда Жайыл баатыр, Аблай хан менен жашташ же чамалаш болсо керек.*
[5]*Өтүңдү алды, деп окулат.*
[6]*Ичип канга тойбоду, деп окулат.*
[7]*Кажайгыр, орусчасында "бешенный жеребец" деп, туура эмес которулган. Бирок, сөз кашайгыр деп окулат (Валиханов Ч. Т. 1. С. 272.).*

Сары-Аркада жатып чабармандарды кабыл алган Абылай хан; **«кыргыз-казак калмактан жаңы кутулуп отурганда, кыргыз жерине кызыгып ушул ишти баштап отурасыңар, мурунтан бир тукум, бир боз үйдүн баласы элек. Кокон, кытай, орус, ушул үчөөнүн бири кол салса, кереги тиет эле сүйлөшсөк, кыргыздын»** деген экен. Бирок, Абылай кыргыздарга аттануудан мурун, Жоогачты кайрадан элчилике жиберген. Жоогач кыргыздын чети, солтолордун бийи Момокон менен Жайылга жолугуп, Абылайдын сөзүн айтып кайткан [1. 18-б.]. Ушул мезгилдердеги казак старчыны Кулбактын көрсөтмөлөрү боюнча Көкчөтоодо жайлап жаткан Абылай 1778-ж. кыргыздарга каршы согушка аттануу үчүн Батыш-Сибирь линиясынан жардамга аскер сурап, дооматын артып жаткандыгы айтылган. Кыязы, орустардан жардам болбогон соң, Абылай 1779-ж. Түркстан жана Ташкен шаарларына жакын жайгашкан Улуу жүздүн конуштарына көчүп келген. Буга күбө, анын 1779-ж. 13-августунда Оренбург губернатору И. Рейнсдорпко жазган катында; **«Чоң жана кичи ордо мага карайт, анын ичинен Чоң ордо** (сөз Улуу жүз казактары жөнүндө болуп жатат –Т.А.) **Ташкенде, ал жакта мага жоо болгон кыргыз дегендер да, ал аймактарда көчүп-конуп жүргүшкөн мага таандык казактардын тынчын алып, анысы аз келгенсип, алардын катын-балдарын туткунга алып кетип жаткандыктан, алар көз жашын агызып, менден калканыч издөөгө мажбур болушту. Ал жака балдарыма жана туугандарыма эң мыкты кишилерди кошуп жөнөттүм, алардан кийин, мен өзүмдүн ата-журтум үчүн аттанууга даярдануудамын»** деп жазган [4. с. 100].

Ушул жылы Абылай Ташкен калаасын каратып, кыргыздардын элчилерин кабыл алган. Маалыматтарга караганда, Абылайдын алдына кырк элчи барган [7. 169-б]. Эки тарап бири-бирине дооматтарын коюп, кыргыздардын тынчын Бердикожо, казак жагын Садыр алгандыгы айтылат. Алар мындан ары көчүп-конуу маршруттарын чектөө жана мүмкүн болсо бири-бирине жакын жайгашпоого милдеттенишкен. Кыргыз элчилери кайтып келгенден кийин, эки тарапта тынчтык орноп, Талас жагындагы кыргыз конуштарын казактардан алысырак жайгаштыруу жөнүндө Эсенкул баатырдын алдында макулдашылган [1. 22-б.].

Кыязы, бул сүйлөшүүлөр Абылай ханды канааттандырган эмес. Натыйжада, ал 1779-ж. Жети-Сууга келгендигин билдирип, өз уулун Кытайга элчиликке жөнөткөн жана кыргыздарга каршы согушууга жардам сурап кайрылган [5. 96-97]. Ушул эле жылы Абылай өзүнүн уулу Сайдеке аркылуу Синьцзяндагы наместник Илэтуга жиберген катында, коңшулаш ээликтер менен болгон кагылышуулар жөнүндө баяндап, жардам катары 500-600 аскер жиберүүсүн суранган. [6. с. 29]. Мындан кийин тилмеч М. Бекчуриндин 1780-ж. 16-июнунда Н.Г. Огаревге жөнөткөн маалыматтарында, Абылай Кытайга кеткен уулунан кабар күтүп, Ташкенден алты күнчүлүк жердеги Талас суусунун боюнда өргүп жаткандыгы жана анын кол алдындагы казактар өз улустарына тарап кеткендиги айтылат [5. с. 97]. Келтирилген маалыматтар аркылуу болжолдосок, анда Абылай хан кыргыздарга чабуул жасап туруп, кийинкисинде цин-кытай аскеринен сураган жардамы болбой турганына көзү жеткендиктен, казактардын негизги күчү үйлөрүнө тарап кетишкен болот.

Мындан бир аз мурун Садыр менен Момокон баш болгон кыргыздар Көшөгөнүн-Көкжото деген жердеги ботбай урууусунун Кудангул бутагындагы Абылайдын аскер башчысыларынын бирин өлтүрүп кайтышкан. Ыңгайлуу учурду күтүп жаткан Абылай колун топтоп, кыргыздар менен беттешүүгө жөнөгөн [1. 25-б.]. Бул маалыматтар Абылай хандын кыргыздарга жасаган соңку чабуулу жөнүндө кабар берет. Окуя 1779-ж. күзүндө болгон. Абылай хан тууралуу ырда; **«ай, Жаугачым, Жаугачым сен бара тур, бара тур сумбуле туусун жалтыйып, ат семирисин кынтыйып» деген, жана «тагы бир мезгил болганда сумбуле тууду жалтыйып, ат семирди кынтыйып… хан Абылай, таксыр хан улу бир йүзден кол жиди, кичи бир йүзден кол жиди…»** деген саптарга караганда, окуя күз мезгилине жакын болгондугун айтып жатат [3. с. 259-260]. Абылай хандын ушул чабуулунун учурунда Эсенкул баатыр Үч-Алматыдагы жайлоосунан Акбешимдеги

күздөөсүнө конуп жаткандыгы тууралуу маалыматтар дагы окуянын күз мезгилинде болгондугун далилдейт [1. 29-б.].

Демек, Абылайдын бул чабуулун алдын-ала эч ким билген эмес. Ал өз колун үч багытка бөлүп, биринчисин Талас тарапка – Садыр баатырды көздөй, экинчисин Олуя-Ата тарапка, үчүнчүсүн Чүйгө – Жайыл баатырдын конушун карай аттандырган. Чабуулдун натыйжасында Садыр уулу менен Абылай хандын колуна түшөт. Жайыл баатыр жеңилип, үч уулу менен туткундалат. Кичүүсү Жоогачтын кийлигишүүсү менен бошотулат. Катуу соккудан кийин Эсенкул баатыр башында турган кыргыз бийлери акылдашып, Абылай хан менен келишүү керек деген чечимге токтошот. Бул максатта Абылай хандын Түйүшкөндөгү конушуна кайрадан Түлөбердини элчи кылып жөнөтүшөт. Барган элчилерди Абылай хан кабыл алып, чыр-чатактын чыгышына себепкер болгон жер жана конуш тууралуу маселени коёт. Абылай хан кыргыз менен казактын чеги катары **Күйүктүн белин, Кичибуурул-Чоңбуурул тоолорун көргөзүп, аягы туптуура Түймөкенттен-Таластын суусун кечип, Абылкайырды басып, Курагаттыны жээктеп, Түйүшкөндүн жана Уландын учугун басып, Тескейге түшүп, Ыргайтыга чейинки аймактар аркылуу бөлүнүүгө тийиш** деген талабын айтат. Абылайдын сөзүн угуп отурган Түлөберди, кыргыз башчыларына бул маселени жеткирерин жана өзүнүн көз карашы да бар экенин айтып; **«...кыргыздардын каны көп төгүлгөн жер экенин билесиз, чек ошол Чокмордун белинен тартып Иленин Сарытогумуна чейин барып токтосун»** деген [1. 32-б.].

Түлөберди кайтып келгенден кийин кеңеш куруп, бир бүтүмгө токтогон кыргыз бийлери, Абылай менен тынчтык мамилени бекемдөөгө киришишет. 1780-ж. Абылай хандын алдына сол канаттан Туума бий менен Мама бий; солтодон Кебек бий менен Түлөберди; сарыбагыштан Эсенкул баатыр менен Атаке баатыр; бугулардан Бирназар бий; чекир саяктан Жамболот баатыр менен Качыке баатыр, каба саяктардан Сейит бий менен Келдибек бийлер барып, жер чегин ажыратып келишкен. **Ал чек аранын батышы Күйүктүн бели менен Үчбуурул тоолорун камтып, Түймөкент, Абылкайырдан өтүп, Курагаттынын Чүйгө куйган жери аркылуу Чокмордун кайкысын басып, Илени жээктеп келип, Үчалматыны камтууга тийиш болгон. Ошону менен, казак-кыргыз чек арасынын башы Үчалматыдан башталып –түндүгү Иле бою, аягы Чокмордун бели, Курагаттынын Чүйгө куйган жери, батыш жагы Кичибуурул-Чоңбуурул тоолору, Терс суусу, Күйүктүн бели, Түлкүбаш тоолору чек болуп, Абылай хандын алдында бир бүтүмгө келишет** [1. 35-36-б.; 2. 2-б.]. Тынчтыктын белгиси дешип, кыргыз-казак чыбыктарын кыркышып, кыргыз тарабы **«ак үйлүүгө»** Түлөберди бийди көчүрүп беришкен жана мындан аркы кыргыз-казак мамилелерине тийиштүү маселер ал аркылуу чечиле тургандыгы макулдашылган [8. 301-б.].

Бегимжандын кошогун дал ушул кыйчалыш мезгилдеги окуянын күбөсү катары бааласак болот. Анткени Жайыл баатырды жоготуу жеке эле кыздын кайгысы эмес, бүтүндөй журттун азасы эле. Жайыл баатыр солтонунун талкан уругунун эли менен жоого төшүн тосуп, баарына кайыл болуп, элди жерди коргоп калууга аракет кылып бек турду. Улуу жүздүн бийи Жоогач, Жайыл баатыр менен жакын мамилеси болгон экен. Жоогач, Аблайга айтып башыңды бошотуп алайын дегенде, Жайыл мен эми карып калдым, көрөөрүмдү көрдүм, ичеримди ичтим уулдарымдын бирин бошотуп бер деген экен. Ошондо Жоогач Жайылдын балдарына келип айтканда, Үсөн менен Теке бизден тукум калды, элге барсак кичи эненин баласын өлтүртүп өзүлөрү жетип келиптир дейт, андан көрө үйлөнө элек Итикени бошотуп бер деп айтышкан экен. Эл үчүн эки уулу менен жанын берген Жайыл баатыр тууралуу Бегимжандын кошогу, ошол коогалаңдуу окуянын бирден-бир күбөсү катары эл оозунда сакталып калган.

**Адабияттар:**

1. Алымбеков Т. Кыргыз урууларынын чыгышы // КР УИАнын Ч. Айтматов атындагы тил жана адабият институнун кол жазма фондусу. №364. (Мындан ары КР УИАнын *кжф*.)

2. Алымбеков Т. Кокон хандыгына чейинки кыргыздардын турмушу жөнүндө // КР УИАнын *кжф* №1454.

3. Валиханов Ч.Ч. Песня об Аблае. Соч. в 5-и т. Алма-Ата, 1984. Т.1.
4. Казахско-русское отношения в XVIII-XIX веках. (Сб. документов и материалов). Алма-Ата, 1964.
5. Сапаралиев Д. Взаимоотношения кыргызского народа с русскими и соседними народами в XVIII веке. Бишкек, 1995.
6. Супруненко Г.П. Китайские источники о киргизах в XVIII –нач. XIX в. (Тексты). Фрунзе, 1979 // КР УИАнын *кжф* №5180.
7. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. 1-китеп. Бишкек, 1993.
8. Үмөт молдонун архивинен көчүрмө // КР УИАнын *кжф* №191.

УДК 392

**Джон А.А.**
Кандидат исторических наук, старший научный сотрудник Центра дунгановедения и китаистики Института истории, археологии и этнологии им. Б.Джамгерчинова Национальной академии наук Кыргызской Республики

## УЛИЧНЫЕ, ДВОРОВЫЕ ИГРЫ ДУНГАН ЦА КАК ЭЛЕМЕНТ ФОРМИРОВАНИЯ ЕДИНОЙ КУЛЬТУРЫ

**Джон А.А.**
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун Дунган таануу жана кытай таануу борборунун улук илимий кызматкери, тарых илимдеринин кандидаты

## БОРБОРДУК АЗИЯНЫН ДУНГАНДАРЫНЫН КӨЧӨ ЖАНА КОРОО ОЮНДАРЫ БИРДИКТҮҮ МАДАНИЯТТЫ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ЭЛЕМЕНТИ КАТАРЫ

**John A.A.**
Candidate of Historical Sciences, Senior Research Fellow, National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, B. Jamgerchinov Institute of History, Archaeology, and Ethnology, Center for Donggan Studies and Sinology

## STREET AND COURTYARD GAMES OF THE CENTRAL ASIAN DUNGANS AS AN ELEMENT OF FORMING A UNIFIED CULTURE

**Аннотация.** Макаланын максаты – окурманды Борбордук Азиядагы дунгандардын көчө оюндарынын айрымдары менен тааныштыруу, алардын интеллектуалдык, физикалык жана коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүдөгү ролун ачып көрсөтүү. Өздөштүрүлгөн оюндар маданияттын элементтеринин бири болуп саналат, ал бир региондо же мамлекетте жашаган бүтүндөй калк үчүн бирдиктүү күнүмдүк, маданий чөйрөнү түзүүчү этностор аралык байланыштарды калыптандыруунун социалдык-маданий аспектилеринин механизмдерин түшүнүүгө мүмкүндүк берет.
**Негизги сөздөр:** оюндар, салттуу, өздөштүрүлгөн, балдарга таандык, интеллектуалдык, көңүл ачуучу, өнүктүрүүчү, калыптандыруучу, маданият.
**Аннотация.** Цель статьи познакомить читателя с некоторыми уличными играми дунган ЦА, их роли в развитии интеллектуальных, физических, коммуникативных способностях. Заимствованные игры являются одним из элементов культуры, который позволяет понимать механизмы социально-культурных аспектов формирования межэтнических контактов, соз-